*• Замандаштын бейнесине сүртүмдөр*

# БАШКЫ КИТЕПКАНАЧЫ



Зулхеджа Ибрагимовна Исмаилованы чыныгы оштук десе жаңылышпайбыз. Тээ, 1941-жылы анын атасын Сузак районунан Ошко ишке которгон учурда ал бар болгону алты айлык эле. Атасы билими боюнча юрист болгон. Бирок, бул дүйнөдөн эрте кеткен. Балдары он алты — он жети жашка чыкканда эле өз алдынча иштей баштапкан.

Киров атындагы орто мектепте окуп жүргөндө Зулхеджа келечекте врач болуунy каалар эле. Бирок, турмуштун муктаждыгынан ал тилеги ишке ашпай калды. Апан калса агалары аны Фрунзеге жалгыз жиберүүдөн кооптонушчу. Аны бардыгы жакшы көрүүчү. Тууган-туушкандары да, жада калса мектепте бирге окуган курбу-курдаштары да. Кээде аны жөн гана Галя, Галина деп аташчу. Бул экинчи аты бара-бара анын биринчи ысымы болуп калды. Азыр да

сыз болгондуктан сейрек кездешүүчү китептер нымдан бузула баштаган. Бул абалдан чыгуу максатында ал шаардык облустун бийликтерге бир нече ирет кайрылган.

Натыйжа чыкпагандыктан Галина республиканын компартиясынын борбордук комитетинин биринчи катчысы Т. Усубалиевге кат жазып кайрылган. Бул тобокел иш эле. Бул үчүн аны ал кезде иштен да алып коюшу мүмкүн эле. Фрунзеден каражат табуу жана жаңы имарат куруу жөнүндө резолюция келгенде аны чындыгында эле жемелешти. Бирок, бул кабарды ал кубануу менен тосуп алды.

— Мейли урушa беришсин, бирок, китептер сакталып калат,— деди.

Китепкананын имаратынын долбоорун да өзү издеп тапкан. Бир нече долбоорлордун ичинен өзүнө жакканын тандап алган. Имаратты куруу башталгандан тартып эки жарым жылдын ичинде дээрлик күн сайын анын курулушунда болуп турган.

СССРдин таркашы жана республикадагы экономикалык кризис облустук китепканага да таасирин тийгизди. Бирок, Галина Ибрагимовна маанайын түшүрүп, алдастап калган жок. Кыйын абалдан чыгуунун жолун издей баштады. Айрым кабинеттерди, конференц-залды ижарага берди, акы төлөө кружокторун уюштурду, окуу пособиелерин акчага бере баштады. Мурдагыдай эле маданий-массалык иш чараларды уюштуруп, өткөрө берди. Алар, атап айтканда, сүрөтчүлөрдүн көргөзмөлөрү, жазуучулар менен жолугушуулар, ар кандай конкурстар.

Айта кетчү дагы бир нерсе — биздин обустук китепкана өткөн жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналып өткөрүлгөн республикалык кароо-конкурста экинчи орунду ээледи. Өткөн жылы уюштурулган китеп окурмандардын марафону да көпкө чейин алардын эсинде сакталбай койбойт. Ал китеп фондун толуктоо максатында өктөрүлгөн.

Галина адаттагыдай эле китепкананын имараты үчүн камкордук көрүүдө. Имарат мурдагыдай эле жакшы, бирок, баары бир жакшылап оңдоону талап кылат. Жамааттын өзү иштеп тапкан акча буга жетишпейт. Ал эми китепкана — бул коомубуздун байлыгы, анда рухтук чоң байлыктар сакталып турат. Ан-

аташчу. Бул экинчи аты бара-бара анаи биринчи ысымы болуп калды. Азыр да туугандары, бирге иштегендери ушинтип аташат.

Галинанын улуу эжеси облустук китепканада иштөөчү жана үйүнө ар кандай кызыктуу китептерди алып келчү. Галя аларды калтырбастан окуйт эле. Бара-бара китепканачы болуу жаман кесип эмес экендигин ойлоно баштайт. Эжеси аны китепканада бирге иштегенди сунуш кылганда, ал бул сунушту кубануу менен кабыл алат. Бул иш ага ушунчалык жагып калгандыктан, Токмоктогу маданий-агартуу окуу жайын сырттан окуп бүтүргөн. Бала-чакалуу болгондо да ишин таштаган жок. 1967-жылы Москвадагы маданият институтунун китепкана факультетине сырттан окууга өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган.

Ал учурда Галина улук китепканачы, китепкананын бөлүм башчысы кызматында эле. Көп өтпөй аны балдардын облустук китепканасынын директорлугуна иштөөнү сунуш кылышты. Кийинчерээк маданият башкармасы анын жөндөмдүү жетекчилигин эске алып, облустук китепкананын директорлугуна дайындайт. Ошентип, Галина 1979-жылдан азыркы кезге чейин ушул кызматта иштеп келатат. Бул мезгилдин ичинде ал эң сонун жамаатты түздү, бардык китепканаларга методикалык жана практикалык жардамдарды көрсөтүүдө.

Галинаны көп учурда кабинетинен таба албайсың. Ал иш боюнча райондордо, ишканаларда тез-тез болуп турат. Мына ошол жылдарда китепкана иштери абдан өнүккөн. Эң башкы чоң иши —бул облустук китепкананын жаңы имаратын курууга арналган. Китепкананын курулушу үчүн ал көп жүгүргөн. Мурдагы имараты абдан эски жана авариялык абалда эле. Имараттын ичи —бул коомубуздун байлыгы, анда рухтук чоң байлыктар сакталып турат. Ансыз биз бир дагы муунду тарбиялай албайбыз. Бул маселени чогуу—чаран чечкен оң. Бийлик жетекчилери, өкмөтүбүз буга олуттуу көңүл бурары шексиз.

Галинанын эмгеги бааланбай калган жок. Ал республикбыздын Өкмөтүнүн, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, республикабыздын маданият министрлигинин ардак грамоталары менен сыйланган. Жакында Галинага ИФЛАнын эл аралык конференциясына катышууга чакыруу кат келди. Ал ушул жылдын августунда Пекинде өтөт.

Бирок, баарынан да аны бирге иштеген кызматкерлери баалашат. Мисалы, отуз беш жылдан бери чогуу иштеген Валентина Васильевна Уливанова мындай дейт: «Галина Ибрагимовнанын шарапаты менен биз ишке майрамга барат кандай маанайда барабыз». Мына ушундай эле пикирди илимий-методикалык бөлүмдүн башкы китепканачысы С. Муратова, тейлөө бөлүмүнүн абонементинин сектор башчысы Л. Кузнецова, искусство бөлүмүнүн башчысы С. Жаборовский жана ЮНЕСКОнун журналисттик борборунун директору Р. Хусейнов да айтышты.

Галина эң сонун жетекчи жана мыкты адам, эч кимди калалачтбайт, боюн да көтөрбөйт, жамааттын пикирин дайыма угат, акылман аял, ар кандай жаңжалдарды, чыр-чатактарды билгичтик менен талдап, чечет. Адамдарга сезимталдык менен мамиле жасайт. Дайыма жөнөкөй. Рухтук байлыгыбызды арттырууда жана сактоодо айтарлык иштерди жасаган жана мындан ары да жасай берет. Ушундай сапаттарыңыздан жазбай жүрө бериңиз, урматтуу Галина.

Г. ПЕРЕКАЛЬСКАЯ.